МЭК

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2021-жылдын 23-ноябры, № 274

**Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөөнүн тартибин бекитүү жөнүндө**

"Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөөнүн тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **А.У. Жапаров**



01

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 23 ноября 2021 года № 274

**Об утверждении Порядка выплаты вознаграждения лицу, сообщившему о коррупционном правонарушении**

В целях реализации статьи 11 Закона Кыргызской Республики «О защите лиц, сообщивших о коррупционных правонарушениях», в соответствии со статьями 13 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Порядок выплаты вознаграждения лицу, сообщившему о коррупционном правонарушении, согласно приложению.
2. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель** **А.У. Жапаров**

Тиркеме

**Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөөнүн тартиби**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөөнүн тартиби (мындан ары – Тартип) "Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 3-пунктуна ылайык иштелип чыккан, коррупциялык укук бузуу фактысы жөнүндө билдирген адамга акчалай сый акы төлөөнүн тартибин аныктайт.

2. Сый акы төлөө бир жолку акчалай сый акы төлөө түрүндө жүргүзүлөт.

## 2-глава. Бир жолку акчалай сый акы төлөөнүн шарттары, негиздери жана тартиби

3. Сый акы төлөө коррупциялык укук бузуудан келтирилген зыяндын ордун толтуруудан мамлекеттин кирешесине түшкөн каражаттардан ишке ашырылат.

Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөө бул иш боюнча ордун толтуруудан жана мамлекеттин кирешесине түшкөн каражаттардын суммасынан 10 пайыз өлчөмүндө, бирок бир миллион сомдон көп эмес жүргүзүлөт.

4. Сый акы төмөнкү учурларда төлөнөт:

– комиссиянын чечими менен ырасталган коррупциялык укук бузуу тууралуу маалымат тийиштүү адам тарабынан берилгенде;

– мыйзамдуу күчүнө кирген, акыркы болуп саналган жана даттанууга жатпаган соттук актысы бар болсо;

– коррупциялык укук бузуу менен мамлекетке келтирилген материалдык зыяндын орду толтурулганда.

5. Эгерде коррупциялык укук бузуу фактысы тууралуу билдирген адамдын маалыматынын негизинде, бир билдирүүнүн алкагында бир нече кылмыш аныкталса, сый акы зыяндын орду эң көп өлчөмдө толтурулган кылмышка карата төлөнөт.

6. Сый акы төлөө үчүн мындай төлөөлөргө укуктар келип чыккан күндөн тартып (соттун чечими күчүнө кирген күндөн тартып) отуз жумуш күндүн ичинде коррупциялык укук бузуулар боюнча иш өндүрүшүндө болгон жоопту адамдар тарабынан төмөнкүдөй документтерден материалдар түзүлөт:

Приложение

**Порядок выплаты вознаграждения лицу, сообщившему о коррупционном правонарушении**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящий Порядок выплаты вознаграждения лицу, сообщившему о коррупционном правонарушении (далее – Порядок), разработан в соответствии с частью 3 статьи 11 Закона Кыргызской Республики «О защите лиц, сообщивших о коррупционных правонарушениях», определяет порядок выплаты денежного вознаграждения лицу, сообщившему о факте коррупционного правонарушения.

2. Выплата вознаграждения производится в форме единовременного денежного вознаграждения.

## Глава 2. Условия, основания и порядок выплаты единовременного денежного вознаграждения

3. Выплата вознаграждения осуществляется из средств, поступивших в доход государства от возмещения ущерба, причиненного коррупционным правонарушением.

Лицу, сообщившему о коррупционном правонарушении, выплата вознаграждения производится в размере 10 процентов от суммы средств, возмещенных по данному делу и поступивших в доход государства, но не более одного миллиона сомов.

4. Выплата вознаграждения осуществляется:

– при предоставлении соответствующим лицом информации о коррупционном правонарушении, подтвержденной решением комиссии;

– при наличии судебного акта, вступившего в законную силу, который является окончательным и обжалованию не подлежит;

– при возмещении материального ущерба государству, нанесенного коррупционным правонарушением.

5. В случае, если на основании информации лица, сообщившего о факте коррупционного правонарушения, в рамках одного сообщения выявлено несколько преступлений, выплата вознаграждения осуществляется за преступление с наибольшим размером возмещенного ущерба.

6. Для выплаты вознаграждения ответственными лицами, в производстве которых находилось дело по коррупционному правонарушению в течение тридцати рабочих дней со дня

1) арыздын көчүрмөсү, ошондой эле коррупциялык укук бузуу фактысы боюнча адамдын кайрылуусу жөнүндө маалымат жана адам тарабынан коррупциялык укук бузууну табууга, бөгөт коюуга, ачууга жана иликтөөгө көмөк көрсөткөндүгүн ырастоочу башка документтер;

2) кылмыш жасагандыгына шектелгендиги жөнүндө билдирүүнүн жана прокурор бекиткен айыптоо актысынын көчүрмөсү;

3) мыйзамдуу күчүнө кирген, акыркы болуп саналган жана даттанууга жатпаган соттук актынын көчүрмөсү;

4) ким экендигин күбөлөндүргөн документтин көчүрмөсү жана сый акы төлөө үчүн адамдын жеке же башка эсептеги банктык реквизиттери;

5) зыяндын ордун толтуруу фактысын ырастоочу документ (салыштыруу актысы, депозиттик эсепке акча каражаттарын салуу жөнүндө квитанция ж.б.).

Ушул пунктта көрсөтүлгөн материалдар Комиссиянын кароосуна берилет.

7. Комиссия тийиштүү укук коргоо, көзөмөлдөө органынын жетекчиси тарабынан жашыруун документтер менен иштөөгө уруксаты бар 7 (жети) адамдан кем эмес санда түзүлөт. Комиссиянын түзүмүн жана курамын жетекчи өзү аныктайт, мында комиссиянын курамына милдеттүү түрдө төмөнкүлөр кирүүгө тийиш:

1) оперативдик бөлүмдүн өкүлү;

2) тергөө бөлүмүнүн өкүлү (жетекчи);

3) финансылык бөлүмдүн өкүлү;

4) өздүк коопсуздук бөлүмүнүн өкүлү.

Комиссияны финансы-чарбалык ишти тейлөөчү укук коргоо, көзөмөлдөө органынын жетекчисинин орун басары жетектейт.

Комиссиянын ишинин регламенти ведомстволук акт менен бекитилет.

8. Комиссия тийиштүү адам тарабынан коррупциялык укук бузуу тууралуу маалымат берүү фактысын текшерет жана материалдарды кароонун жыйынтыгы боюнча 10 (он) жумуш күндүн ичинде органдын жетекчисине сый акыны төлөө жөнүндө өтүнүчтү же жүйөлөнгөн баш тартууну киргизет.

9. Органдын жетекчиси комиссиянын өтүнүчү келип түшкөндөн кийин 10 (он) жумуш күндүн ичинде коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөө үчүн негиз болгон сый акы төлөө жөнүндө буйрук чыгарат.

Жүйөлүү баш тартуу тийиштүү адам тарабынан коррупциялык укук бузуу тууралуу маалымат берүү фактысы ырасталбаганда жана жооптуу адамдардын ортосундагы бүтүм аныкталбаган учурда



возникновения права (со дня вступления в силу решения суда) на такую выплату, формируются материалы из следующих документов:

1) копия заявления, а также информация об обращении лица по факту коррупционного правонарушения и иных документов, подтверждающих оказание лицом содействия в выявлении, пресечении, раскрытии и расследовании коррупционного правонарушения;

2) копия уведомления о подозрении в совершении преступления и утвержденного прокурором обвинительного акта;

3) копия вступившего в законную силу судебного акта, являющегося окончательным и не подлежащим обжалованию;

4) копия документа, удостоверяющего личность, и банковские реквизиты лицевого или иного счета лица для выплаты вознаграждения;

5) документ, подтверждающий факт возмещения ущерба (акт сверки, квитанция о внесении денежных средств на депозитный счет и др.).

Материалы, указанные в настоящем пункте, предоставляются на рассмотрение комиссии.

7. Комиссия создается руководителем соответствующего правоохранительного, надзорного органа в количестве не менее 7 (семь) человек, имеющих допуск к работе с секретными документами. Структура и состав комиссии определяются самим руководителем, при этом в состав комиссии в обязательном порядке должны входить:

1) представитель оперативного подразделения;

2) представитель (руководитель) следственного подразделения;

3) представитель финансового подразделения;

4) представитель подразделения собственной безопасности.

Комиссию возглавляет заместитель руководителя правоохранительного, надзорного органа, курирующий финансово-хозяйственную деятельность.

Регламент работы комиссии утверждается ведомственным актом.

8. Комиссия осуществляет проверку факта предоставления информации о коррупционном правонарушении соответствующим лицом, и в течение 10 (десять) рабочих дней по результатам рассмотрения материалов вносит руководителю органа ходатайство о выплате вознаграждения либо мотивированный отказ.

9. Руководитель органа в течение 10 (десять) рабочих дней после поступления ходатайства комиссии издает приказ о выплате вознаграждения, являющийся основанием для выплаты лицу, сообщившему о коррупционном правонарушении, вознаграждения.

Мотивированный отказ выносится комиссией в случае неподтверждения факта предоставления информации о

комиссия тарабынан чыгарылат. Мындай учурда материалдар прокуратура органдарына кароого берилет.

Комиссия тарабынан сый акы төлөөдөн жүйөлүү баш тартуу берилген учурда, негизделген чечим 10 (он) жумуш күндүн ичинде коррупциялык укук бузуулар жөнүндө иш өндүрүшүндө болгон жооптуу адамдар тарабынан коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга кабарланат.

Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адам "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте 30 (отуз) жумуш күндүн ичинде комиссиянын чечимине даттанууга укуктуу.

10. Сый акы төлөө коррупциялык укук бузуу фактылары тууралуу билдирген адамдын өздүк же башка эсебине накталай эмес түрдө которуу жолу менен иш жүзүндөгү ордун толтурууга жана республикалык бюджеттен бөлүүгө жараша коррупциялык укук бузуулардын ордун толтуруучу каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

11. Органдын жетекчиси жана комиссиянын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коррупциялык укук бузуу фактылары тууралуу билдирген адамдарга сый акы төлөө менен байланышкан укук бузуулар үчүн тартип жоопкерчилигине тартылат.

---



коррупционном правонарушении соответствующим лицом и выявления сговора между ответственными лицами. В данном случае материалы передаются на рассмотрение в органы прокуратуры.

В случае представления комиссией мотивированного отказа от выплаты вознаграждения, обоснованное решение в течение 10 (десять) рабочих дней доводится до сведения лица, сообщившего о коррупционном правонарушении, ответственными лицами, в производстве которых находилось дело о коррупционном правонарушении.

Лицо, сообщившее о коррупционном правонарушении, имеет право обжаловать решение комиссии в течение 30 (тридцать) рабочих дней в порядке, предусмотренном Законом Кыргызской Республики «Об основах административной деятельности и административных процедурах».

10. Выплата вознаграждения производится за счет средств, возмещенных от коррупционного правонарушения, по мере фактического возмещения и выделения из республиканского бюджета путем перевода в безналичной форме на лицевой либо иной счет лица, сообщившего о фактах коррупционного правонарушения.

11. Руководитель органа и члены комиссии несут дисциплинарную ответственность за нарушения, связанные с выплатой вознаграждения лицам, сообщившим о фактах коррупционного правонарушения, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

---